**ШАЙЫР АПАЛАР**

Тээ алыстан ырын угам кубанып,

Апалардын шаан-шөкөтү уланып.

Жаз чакырган эң алгачкы майрамда,

Жети дубан шайырлары куралып.

Унутулган каада салтты жаңыртып,

Жолуңарды улай турган уул-кыз бар.

Биз жашаган кылымды да карытып,

Үйдүн куту ак элечек апалар.

Жаратканым ынтымагын ыроолоп,

Узак болсун силер тарткан сапар ал.

Ала-Тоодо мукам үнү жаңырып,

Амандыкта бар болгула апалар.

Кайырма:

Жашай берсин ак элечек апалар,

Колдоо кылып сүрөп турсун аталар.

Жан дүйнөңдөн ак тилеги камтылган,

Кабыл болсун касиеттүү батаңар.